*Асанакунова А.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БАЖЫ БИРИМДИГИНЕ КИРҮҮСҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТАЛДОО

***Аннотация:*** *Бул статьяда Кыргызстан Бажы биримдигине киргенден кийин кандай кыйынчылыктарга туш болот жана экономикалык абал кандай өсүшкө ээ болоору камтылды.*

***Ачкыч сөз:*** *бажы биримдиги, экспорт, импорт, миграция, демография, инвестиция.*

**Бажы биримдиги** – бул биримдиктин келишимдеринин топтому. Ал мүчө өлкөлөрдүн арасында товарлардын эркин өтүүсүн камсыздайт. Бажы биримдигине киргенден кийин мамлекеттик чек аралар ошол боюнча калат, жарандардын кирип-чыгуу эрежелери өзгөрбөйт. Бирок биз биримдикке кирүү үчүн мүчө мамлекеттерге сунуштарды айтканда мигранттарга айрым женилдиктерди кошо сурап жатабыз, балким бирдиктүү экономикалык аймакка кирбей туруп, мигранттарга женилдик сурайбыз. Балким, ал эки өлкө ортосундагы келишим түрүндө болушу мүмкүн.

Бажы биримдигин түзүү демилгеси 1995-жылы көтөрүлүп, 2000-жылы ЕврАзэСтин калыптануусу менен биримдикти түзүү зарылчылыгы келип чыккан. Бул биримдикти түзүү туурасындагы макулдашууга жалпы КМШ өлкөлөрү кол коюшканы менен Казакстан, Оруссия, Белоруссия алдыга өтүп, демилгени жүзөгө ашырууда. Бул биримдик аркылуу бирдиктүү экономикалык аймак түзүлөт. Союздун башкы максаты жана милдети бирдиктүү бажы аймагын түзүү. Ага карата бажы төлөмдөрү алынбай экономикалык жааттагы чектөөлөр болбойт жана үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүнү жөнгө салуу биргеликте чечиле баштайт.

Кыргызстандын бажы биримдигине кирүүсү кыйла талаш-тартыштарды жаратууда.

Бажы биримдигине кирүүдө уюмдар тарабынан SWOT-анализ жасалган.

| **Позитив** | **Негатив** |
|---|---|
| Кыргызстандын бажы биримдигине кирүүдөгү *артыкчылыктары:*<br>• Бажы биримдигине мүчө өлкөлөргө даяр продуктуларды экспорттоо үчүн айыл чарбасын өнүктүрүү; (комментарий: Токтобек Асанбеков);<br>• Айыл чарбасынын өнүгүүсү фермерлерге ар бир кийинки айдап – себүү маалына жакшылап даярдануусуна жана турмушун жогорулатуу учун керектелуучу материалдарүын сатып алуусуна мүмкүндүк берет; (комментарий: Евгений Погребняк); | Кыргызстандын бажы биримдигине кирүүдөгү*кемчиликтери:*<br>• Ички рыноктогу товарлардын өсүшү (Кытай, ОАЭ, Афганистан, Түркия, Индия)<br>• Кыргызстанга импорттолуп келген транспорттук каражаттарга болгон бааның өсүшү; (комментарий: Максим Братухин);<br>• ББ киргенден кийин ички рынокто айыл чарба продукциясынын азайышы себеби ББ экспорт (комментарий: Максим Братухин);<br>• Дарылоо үчүн керектелүүчү каражаттар чет өлкөдөн алынып келгендиктен, тиш |

| | |
|---|---|
| • Кыргызстанда жаныдан өнүккөн женил өнөр-жай тармактары Б.Б. өкүлдөрү менен атаандаштык кыла алмак; (комментарий: Евгений Погребняк);<br>• Женил жана оор өнөр жайлардын өнүгүүсүнүн жыйынтыгында айыл чарбасында жаны иш оорундары менен камсыз кылуу; (комментарий: Евгений Погребняк);<br>• Эмгек мигранттарынын санынын кыскаруусу; (комментарий: Евгений Погребняк);<br>• Контробанданы токтотуу үчүн Кыргызстандын түштүгүндөгү чек арада болгон талаш-тартыштарды жоюу; (комментарий: Евгений Погребняк);<br>• Текстиль өнөр жайына жаны өсүш көрсөтүү; (комментарий: Алина Назаралиева);<br>• Жергиликтүүөндүрүштүн жогорулашы; (комментарий: Денис Бердаков);<br>• Бирдиктүү базар экономикасынын түзүлүшү; (комментарий: Денис Бердаков);<br>• Бирдиктүү келишимдик мамиле; (комментарий: Денис Бердаков); | доктур бөлүмдөрүндө кызмат көрсөтүүнүн баасы өсөт;<br>• Ички рынокто болгон тең салмаксыздык өлкөнүн саясий абалын начарлатат (комментарий: Данияр Садыков);<br>• Демографиялык өсүштүн начарлашы<br>• Айыл чарба продукцияларына болгон баанын өсүшү; (комментарий: Денис Бердаков); |
| ББ киргенден кийин Кыргызстандын *мүмкүнчүлүктөрү:*<br>• ББ киргенден кийин инвестициянын жогорулашы<br>• Инвестициянын жогорулашы интеграциялык проектилердин түзүлүшү (комментарий: Евгений Погребняк);<br>• Казакстан менен чек арадагы транспорттук тыгындын жоюлушу (комментарий: Амалбек Кожошов);<br>• Миграция боюнча укуктук закондордун жаныланып чыгышы (комментарий: Алина Назаралиева); | ББ киргенден кийин Кыргызстандагы *коркунучтары:*<br>• Чек ара салыгынын өсүшүнүн негизинде башка өлкөдөн келген товарлардын азайышы ;<br>• Текстиль өнөр – жайынын сырьелоруна болгон баалардын өсушу; (комментарий: Максим Братухин);<br>• Россия мамлекетинен келген инвестициянын азайышы (комментарий: Максим Братухин);<br>• Кыргызстанда чек ара маселелеринин жаралышы (комментарий: Елена Сметанина);<br>• Кээ бир экономикалык бөлүктөрдөгү тең таймашуучулук жоктугуна байланыштуу товарлардын азайышы (комментарий: Руслан Кыргызбаев);<br>• Башка мамлекеттер менен түзүлгөн проектилердин жоюлушу (Китай, ЕС, США, Швейцария, и т.д.) (комментарий: Данияр Садыков);<br>• Россиянын башчылыгында Кыргызстан өзүнүн суверендүүлүгүн жоготушу; (комментарий: JurgalKudaibergenov); |

| | |
|---|---|
| | • Демократиянын өзгөрүшү |

SWOT-анализдин негизинде төмөнкү жыйынтыктарга келсек болот:

Демек, жогоруда биз санап өткөн көрсөткүчтөр Бажы биримдигине кирүүдөгү зыяндуу жана пайдалуу тараптарынын бир гана чети. Аларды санап отурса өтө эле көп, жалпылап айтканда Бажы биримдиги элибизге анчейин жакшылык алып келбей турган нерсе. Бирок ага карабастан кыргыз бийлиги  учурда биримдикке кирип, элибиздин жашоосун мындан да оорлотобу деген ойлорду жаратты.

Бажы биримдигине кирген Казакстан, Орусия жана Белорусиянын экономикасын Кыргызстандын экономикасы менен салыштырып болбойт. Алардын деңгээли такыр башка. Биз географиялык абалга жараша Кытай товарларын коңшу өлкөлөргө тарата турган транзиттик өлкөбүз.Ал эми Бажы биримдигине киргенден кийин кайра экспорттоого тоскоолдуктар жаралат

Жогорудагы SWOT-анализдин негизинде Бажы биримдигинин тобокелчиликтери тууралуу айта турган болсок, серепчилердин көпчүлүгү Кыргызстанды кымбатчылык каптаарын айтышат. Бажы тарифтери жогорулап, тамак-аш 10% га, кийим-кече, бут кийим баасы 20% га, электроника 30%га чейин кымбатташы мүмкүн. Ал эми автоунаалардын азыркы баасы эки эсе жогорулашы ыктымал.

Учурда Кыргызстандын бажы тарифи 5% тегерегин түзсө бажы биримдиги 10% айланасында.

Мындан сырткары жеңил өнөр жай жабыркайт деген маалыматтар бар. Серепчи Жума Абдулаевдин пикиринде, Кыргызстан тигүүчүлөргө керектүү сырьелорду Кытайдан, Түркиядан жана Кореядан алып келет. Чет элдик товарларды өткөрүү чектелгенине байланыштуу кездемелер келбей калып, тикмечилер тиге турган кийим-кече чыкпай калат. Чыкса да кымбат баада чыгып, бирок Казакстан менен Орусиянын товарларынын алдында атаандаштык жарата албайт. Андыктан мамлекет бул маселени чечүү үчүн кездеме чыгаруучу  фабрикаларды негиздөөсү абзел дейт.

Өлкө коопсуздугунда  терс таасирин тийгизүүсү мүмкүн. Мамлекеттик баалардын асмандагандыгына байланыштуу нааразычылык акциялары күч алат. Анын жыйынтыгы нараазыланган тарапты күч менен басууга алып баруусу мүмкүн.

**Адабияттар:**

1. Кыргызстандын жаштарынын аналитикалык клубунун жардамынын негизинде

2. “Эркин-Тоо” гезити

***Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.А.***